**Нарын райондук мамлекеттик администрациясы мамлекеттик менчикте турган жер тилкелерди ижарага берүүгө**

## КОНКУРС ЖАРЫЯЛАЙТ

| № | Жайгашкан жери | Пайдалануу максаты | Жалпы аянты | Ижара мөөнөтү | Баштапкы ижара акысы (жыл) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Дөбөлү айыл аймагынын “Сейил-Булак” участогу | Тейлөө, кызмат көрсөтүү, коомдук тамактануу | 7750 $м^2$ | 5 жыл | Орточо 73 миң сом<br>Жер салыгы 34720 сом |

**Конкурстун шарттары:**

Конкурс 2023-жылдын 18-майында саат 14:00дө төмөнкү дарек боюнча өтөт.

Нарын шаары, Ленин көчөсү 74, Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын имараты.

Конкурска катышууну каалагандар жогорудагы дарекке 2023-жылдын 17-майында саат 17:00гө чейин төмөнкү документтерди алып келүүсү зарыл.

-кепилдик төгүмдү төлөгөндүгү жөнүндө квитанция (бир жылдык ижара акынын 10 пайызынан кем эмес);

-архитектура жана курулуш маселелерин жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген жер участогунун жана объектти жайгаштыруунун эскиздик планы.

**1) Жеке жактар үчүн:**

-Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсү.

**2) Юридикалык жактар үчүн:**

- уюмдун толук аталышынын жана жайгашкан жерин көрсөтүү менен маалым кат (юридикалык дареги, телефон жана башка маалым даректер);
- юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- уставдын жана уюмдаштыруучу келишимдин көчүрмөлөрү;
- салык төлөөчүнүн идентификациялык номеринин көчүрмөсү (болсо);
- юридикалык жактын атынан чыгууга жана тийиштүү бүтүмдөрдү бекитүүгө ыйгарым укук берген өкүлдүн атына ишеним кат;
- эгер юридикалык жактын жетекчиси (жеке аткаруучу орган) тарабынан арыз берилсе, жетекчиге ижара келишимин бекитүүгө укук берген документ, ошондой эле анын кызматтык абалын күбөлөндүргөн документ талап кылынат;
-эгер юридикалык жак тандалган коллегиалдуу аткаруучу орган тарабынан башкарылса жана ижара келишимин бекитүүгө ушул органдын макулдугу жөнүндө документ талап кылынса, ижара келишимин бекитүүгө органдын макулдугун тастыктаган тийиштүү чечим талап кылынат;
- өкүлдүн ким экендигин ырастоочу документтин көчүрмөсү (конкурска катышуу үчүн каттоодо түп нускасын жеке өзү көрсөтөт);
- ыйгарым укуктуу салык органынын учурдагы айда карызы жоктугу жөнүндө маалым каты.
- Конкурстук сунуштар (конвертке мөөр же болбосо, кол коюу менен бекилген абалда) тапшыруусу зарыл.

Конкурстун катышуучуларын каттоо конкурс башталганга чейин 1 саат мурда башталат.

**Суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар: Нарын шаары, Ленин көч. №74, байланыш телефону: 0(3522) 5-54-12.**

**Биздин реквизиттер: Банк Нарын. РОК, э/счет 4402011101028257, БИ440001, ОКПО 00026353**

**Кочкор райондук мамлекеттик администрациясы мамлекеттик менчикте турган жер тилкелерди ижарага берүүгө**

## КОНКУРС ЖАРЫЯЛАЙТ

| № | Жайгашкан жери | Пайдалануу максаты | Жалпы аянты | Ижара мөөнөтү | Баштапкы ижара акысы (жыл) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ак-Кыя а/а караштуу Жаңы-Жол айылынын “Кара-Дөбө” участкасынан “Өнөр жай, транспорт, байланыш, энергетика, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер | Өндүрүш объектилерин жайгаштыруу | 0,15 га | 49 жыл | 380 сом |
| 2. | Кара-Суу айыл аймагы, «Жар-Таш» участогу | Мал сарай | 1 га | 49 жыл | 2845 сом |

**Конкурстун шарттары:**

Конкурс 2023-жылдын 16-июнунда саат 14:00дө төмөнкү дарек боюнча өтөт.

Кочкор айылы, Исакеев көчөсү 46, Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын кичи залы.

Конкурска катышууну каалагандар жогорудагы дарекке 2023-жылдын 15-июнунда саат 17:00гө чейин төмөнкү документтерди алып келүүсү зарыл:

- кепилдик төгүмдү төлөгөндүгү жөнүндө квитанция (бир жылдык ижара акынын 10 пайызынан кем эмес);
- архитектура жана курулуш маселелерин жөнгө салуучу ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген жер участогунун жана объектти жайгаштыруунун эскиздик планы;

**1) Жеке жактар үчүн:**

- Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсү;

**2) юридикалык жактар үчүн:**

- уюмдун толук аталышын жана жайгашкан жерин көрсөтүү менен маалым кат, (юридикалык дареги, телефон жана башка маалым даректер);
- юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- уставдын жана уюмдаштыруучу келишимдин көчүрмөлөрү;
- салык төлөөчүнүн идентификациялык номеринин көчүрмөсү (болсо);
- юридикалык жактын атынан чыгууга жана тийиштүү бүтүмдөрдү бекитүүгө ыйгарым укук берген өкүлдүн атына ишеним кат;
- эгер юридикалык жактын жетекчиси (жеке аткаруучу орган) тарабынан арыз берилсе, жетекчиге ижара келишимин бекитүүгө укук берген документ, ошондой эле анын кызматтык абалын күбөлөндүргөн документ талап кылынат;
- эгер юридикалык жак тандалган коллегиалдуу аткаруучу орган тарабынан башкарылса жана ижара келишимин бекитүүгө ушул органдын макулдугу жөнүндө документ талап кылынса, ижара келишимин бекитүүгө органдын макулдугун тастыктаган тийиштүү чечим талап кылынат;
- өкүлдүн ким экендигин ырастоочу документтин көчүрмөсү (конкурска катышуу үчүн каттоодо түп нускасын жеке өзү көрсөтөт);
- ыйгарым укуктуу салык органынын учурдагы айда карызы жоктугу жөнүндө маалым каты.
- Конкурстук сунуштар (конвертке мөөр же болбосо, кол коюу менен бекилген абалда) тапшыруусу зарыл.

Конкурстун катышуучуларын каттоо конкурс башталганга чейин 1 саат мурда башталат.

**Суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар: Кочкор айылы, Исакеев к. №46, байланыш телефону 0(3535) 5-03-71**

**Биздин реквизиттер: Банк Кочкор РОК, э/счет 4405052100000729, БИК 440505, төлөмдүн коду: 14511900.**

## Окуп коюңуз!

# Кыргыз сому тууралуу кызыктуу фактылар

**Кылымдарды карыткан кыргыз мамлекети эгемендүүлүккө ээ болгондон тарта өз алдынча, эркин саясатын жүргүзүп келет. Тарыхта көптөгөн кыйынчылыктарга карабастан өз чыйыр жолун таап келаткан элибиз көптөгөн баалуулуктарга ээ. Анын бири улуттук валютабыз СОМ. Үстүбүздөгү 2023-жылдын 10-майында улуттук валютабыздын түптөлгөнүнө 30 жыл толот!**

**Улуттук валютанын бардык банкноттору жана монеталары Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөм каражаты статусуна ээ жана кайсы жылы чыгарылгандыгына карабастан, төлөм каражаты катары төлөөгө милдеттүү түрдө кабыл алынышы керек. Кыргыз Республикасынын улуттук акча бирдиги сом- өлкө эгемендүүлүк алгандан кийин, 1993-жылы жүгүртүүгө чыгарылганын окурмандардын эсине дагы бир жолу сала кетүү менен бирге, сом тууралуу кызыктуу фактыларды сунуштайбыз.**

• Кыргыз валютасы "сом" деген аталышты алуу үчүн Кыргызстан Казакстан менен таймашкан.

• КМШ өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан биринчи болуп, улуттук валютасын жүгүртүүгө киргизип, орус рублин сомго алмашкан.

• Сом - постсоветтик аймактагы рублдан кийинки алгачкы улуттук валюта болуп эсептелет.

• Сомду киргизип жаткандагы курс боюнча 4 сом – 1 АКШ долларына барабар болгон.

• Кыргыз сомунун банкноттору 4 жолу өркүндөтүлүп, учурда 1, 2, 3 жана 4-сериядагы банкноттор жүгүртүлүп жатат.

• Кыргыз сому 8 номиналда купюрадан (кагаз акча), 5 номиналда металл тыйындардан турат.

• Банкноталардын катары 20, 50, 100, 200, 500, 1000, 2000 жана 5000 сомдук номиналдарда гана сунушталат.

• 2017-жылы сомдун эн белгиси бекитилген. С тамгасынын алдында сызыкча белги басылган.

• Сом 100 пайыз пахта буласынан жасалып, аны 5 миң жолу бүктөөгө туруштук берет.

• Кыргызстандагы баардык коммерциялык банктар жана Улуттук банк жарактан чыккан улуттук валютаны бекер, тоскоолдуксуз алмаштырууга тийиш.

• Жыл сайын бир нече тонна жарактан чыккан, эскилиги жеткен кыргыз акчалары жок кылынат.

• Эски сомдор жок кылынгандан кийин калдыктары картон жасоого жөнөтүлөт.

• Кыргыз акчасынын көрүнүшү кандай болуусу керек экендиги Улуттук банк, илимдер академиясы, Президент жана премьер-министр тарабынан чечилет.

• Сомго мамлекетибиздин өнүгүүсүнө зор салымын кошкон, тарыхка из калтырып, маданиятка эмгеги сиңген инсандардын элеси жана кыргыздын тарыхый эстеликтери, ажайып кооз жерлери түшүрүлгөн.

• Эл аралык банкноттор коому 5000 сомду дүйнөдөгү эң кооз акчалардын бири катары тааныган.

• Сомдо отуздан ашык коргоочу элементтер катылган.

• Көлөмү боюнча эң чоң банкнот, бул – 5000 сом.

• Адам 5000 сомду көзү менен көргөндөн сырткары колу менен да кармалап, анын 5000 сом экенин сезсе болот.

• Башка акчаларга салыштырмалуу 2000 сомдук эстелик банкнотун терминалдар кабыл албайт.

• 2000 сомдук нумизматикалык эстелик банкнотунун дагы бир өзгөчөлүгү, ал бир гана тираж менен чыгарылып, мындан кийин кайра басылып чыгарылбайт.

• Монеталардын курамы 94-95 пайызга болоттон туруп, сырты никель менен капталган.

• Кыргыз сомунун банкнотторунун сүрөттөрүн колдонуу, анын касиеттери (өлчөмү, түсү, сүрөтү) Кыргыз Республикасынын чыныгы банкнотторуна окшош болуп, төлөм катары кабыл алынышы мүмкүн болсо, мындай иштерди жасоого тыюу салынат жана кылмыш катары эсептелинет.

• Көпчүлүк учурда 500 жана 1000 сомдук акчалар шылуундар тарабынан жасалмаланат.

• Кимде-ким жасалма банкнотаны сатууга аракеттенген болсо, жасалма акчаны чыгаруучулар сыяктуу эле аны таркатуучулар да мыйзамга жараша жоопко тартылат.

• Жасалма банкноттордун таркап кетишинин алдын алуу үчүн акчанын дизайны, коргоо белгилери улам барган сайын жаңыртылып турат.

• Шектүү акчанын аныктыгын айырмалоо үчүн аларды бири-бири менен салыштырып көрүү жетиштүү болот.

• Эгерде сиз шектүү акчага туш келсеңиз, аны Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарына же Улуттук банкка текшерүүгө берүүгө тийишсиз.

• Улуттук валютанын тарыхы, маани-маңызы жана өзгөчөлүгүнө кызыккандар үчүн 1998-жылы Бишкек шаарында Улуттук банктын Нумизматикалык музейи түзүлгөн.

• Музейдин максаты - Кыргыз Республикасынын нумизматикалык мурасын топтоо, сактоо, коомчулукка көрсөтүү жана маалымдоо.

*Улутубуздун сыймыгы болгон сомубузга аяр мамиле жасап, анын колдонуу мөөнөтүн узарталы. Сомдун тагдыры ар бирибиздин колубузда. Андыктан, колдонуп жаткан банкноталарга чийбей, тытпай, тоголоктоп чөнтөгүбүзгө салбай, капчыкка салып кармоо маданиятына жетишели. Элибизде айтылгандай “Эмнени кор кармасаң ошого зар болосуң” - дегендей, акчабызга аяр мамиле жасайлы!*

**Бардык кызыктырган суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Нарын областтык башкармалыгына кайрылсаңыздар болот. Дареги: Нарын шаары, Жамгырчы уулу А. көчөсү, 6. Байланыш телефондор: (03522) 5-04-71, 5-04-69.**